ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*УДК: 37.012.1 ( 575.2 )*

*У.К. БАЙСУБАНОВ*
*U.K. BAYSUBANOV*
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# КЫРГЫЗСТАНДА АҢ-СЕЗИМ, ӨБӨЛГӨЛҮК БИЛИМ МАСЕЛЕРИНИН ИШТЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА ТААНЫП БИЛҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ АЛГАН ОРДУ

# НАУЧНАЯ РАЗРАБОТАННОСТЬ КАТЕГОРИЙ СОЗНАНИЕ И ПРЕДПОСЫЛОЧНОЕ ЗНАНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ, И ИХ СТАТУС В СИСТЕМЕ НАУЧНОГО ПОЗНАНИЯ

# SCIENTIFIC ELABORATION OF THE CATEGORY OF CONSCIOUSNESS AND PREMISE KNOWLEDGE IN KYRGYZSTAN, AND THEIR STATUS IN THE SYSTEM OF SCIENTIFIC KNOWLEDGE

*Республикабыздагы эпистемологиялык проблемалар тууралуу жазылган эмгектердин катарына илимий таанып билүүнүн фундаменталдуу категориялары болгон аң-сезим, өбөлгөлүк билим маселелери боюнча КР УИАнын академиги А. А. Салиевдин, философия илимдеринин доктору, профессор Ж. Б. Бокошовдун эмгектеринде кеңири талдоого алынып жогорку илимий негизде изилденген.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *Эпистемология, аң-сезим, өбөлгөлүк билим, маданий ыкма, категория, акыл-эс, таза акыл, ой, маңыз, чагылуу, кубулуш, метабилим (билим туралуу билим).*

*Ученые – философы Кыргызстана: Академик НАН КР Салиев А.А., доктор философских наук, профессор Бокошов Ж.Б. впервые в кыргызской профессиональной философии на высоком научно – теоретическом уровне исследовали фундаментальные категории научного познания “разум” и “предпосылочное знание”, тем самым внесли суүественный вклад в становлении и развитии отечественной научной философии.*

***Ключевые слова:*** *Эпистемология, сознание, предпосылочное знание, культурологический метод, категория, разум, чистая мысль, суүность, отражение, явление, метазнание (знание о знании).*

*Scientists - philosophers of Kyrgyzstan : Academician of National Academy of Sciences of Kyrgyz Republic Saliev A.A., doctor of philosophical sciences, professor Bokoshov J.B. first in Kyrgyz professional philosophy investigated the fundamental categories of scientific cognition "mind", and “premise knowledge” on high scientific - theoretical level, it brought substantial contribution into becoming and development of home scientific philosophy.*

***Key words:*** *epistemology, consciousness, premise knowledge, culturological method, category, mind, clean idea, essence, reflection, phenomenon, metaknowledge (knowledge about knowledge).*

Келечекте биз жашай турган коомду жана анын өнүгүш тенденцияларын аныктоодо, саясий-прогноздук аң-сезимди калыптандырууда эпистемологиялык проблемаларды изилдөө учурдун негизги талаптарынын бири бойдон калууда. Айрыкча азыркы учурда жалпы эле философиялык маселелерди маданий ыкманын жардамы менен окуп-үйрөнүүгө өзгөчө басым жасалып жаткандыктан, жалпы таанып билүүдөгү фундаменталдуу категориялардын окуп-үйрөнүү маселеси солгундап баратат. Ушул өңүттө караганда, илимий таанып билүүнүн негизги пайдубалын түзгөн аң-сезим, түшүнүү, өбөлгөлүк билим сыңар маселелерди изилдөө учурдагы ургалдуу илимий проблемалардан бойдон калууда.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кыргыз эпистемология тарыхында КР УИАсынын академиги А. Салиевдин "Разум и время" деген эмгеги өзгөчө орунда турат [5]. Монографияга автордун мурда жазылган эмгектери системалаштырылган жана кайра иштетилген түрдө киргизилген [5] . Эмгекте чындыкты акылдык жактан адекваттуу аныктоо каражаты катары көрүнгөн акыл-эс категориясы аркылуу, ой жүгүртүүнүн формалдык, психологиялык, таанып билүүчүлүк жана социологиялык аспектилери ачылып берилет. Академик А. Салиев эмгегинде ар түрдүү илимий маалыматтардан сырткары искусство материалдарын кеңири пайдаланган. Окумуштуу "акыл-эс" категориясы тууралуу мындайча жазат: "Поистине велик авторитет разума как одного из высших проявлений человеческого духа. И с древнейших времен занимает он почетное место в кругу явлений сознания, привликающих к себе внимание мыслителей. Правда, в идеалистических учениях, несмотря на наличие в них трезвого подхода к его формальным особенностям, он в целом представляется в так или иначе мистифицированном виде – либо как сила, исходящие от бога, либо как некое абсолютное начало, породившие мир и управляющее им, либо же просто как неподвластное требованиям действительности своеволе мысли каждой личности" [5,8].

Жогоруда белгиленгендей, адамзат рухунун эң жогорку көрүнүшүнүн бири катары, акыл-эс категориясынын кадыр-баркы өтө жогору. Бул категория байыркы мезгилден тартып, аң-сезимге таандык кубулуштардын арасында ардактуу орунду ээлеп, көпчүлүк ойчулдардын көңүлүн өзүнө буруп келген. Мындай түшүнүк идеалисттик окууларда акыл-эстин формалдык өзгөчөлүктөрүнө карата илимий ыкмаларды колдонгонуна карабастан, жалпысынан алганда тигил же бул жагдайда мистификацияланган түрдө - ар бир эле инсандын эркине же болмуштун талаптарына баш ийген, дүйнөнү жараткан жана аны башкарган кандайдыр бир абсолюттуу түпкүтек же кудай аркылуу жөнөтүлгөн күч катары эсептелет.

Академик А. Салиевдин бул эмгегинин "К феноменологии разума" деген бөлүмүндө "акыл-эс" категориясы аныкталып, мында ой акыл-эстин жашоо жолу катары каралат. Ошону менен катар эле, "ой" категориясына жалпы мүнөздөмө берилип, анын эркке жана эмоцияга карата болгон мамилеси аныкталып, ой жүгүртүүнүн айрым физо – психологиялык шарттары, анын түпкү деңгээлдери такталат. Образдуу ой проблемасы таанылып – билинип, кабыл алуу, элестөө, көркөм образ түшүнүктөрү анализденип, булардын акыркысы гносеологиялык жана логикалык категория катары аныкталат. Ушул эле бөлүмдө абстракттуу ой маселеси талданып, анын ар кандай түрлөрү бөлүнүп көрсөтүлүп, абстракттуу ойломдун образдуу ойго жана эмоцияга карата болгон карым – катышы окулуп - үйрөнүлөт. Эмгектин экинчи бөлүмү "К психологии разума" деп аталып, ушул бөлүмдө автор акыл-эстин психологиялык табиятын талкууга тартып, анын психотезис менен болгон карым – катышын, ойлом психологиясындагы тилдин орду жана ролу деген өңдүү маселелерди анализдеген. Ошондой эле эмгектин "К гносеологии разума" аттуу бөлүмүндө, көркөм образдын таанып билүүчүлүк мазмуну, таанып билүү процессиндеги абстрактуу ойдун жалпы ролу, теориянын практика чөйрөсүндөгү мааниси өңдүү маселелер каралган. Монографиялык изилдөөнүн акыркы бөлүмү " К социологии разума" деп аталып, бул бөлүмгө автор социализм жана акыл-эс маселесин, искусство чөйрөсүндөгү акыл – эстик жашоонун чагылуу маселелерин, социализм учурундагы көркөм маданияттын байлыгы, жашоо тууралуу ой калчоо тажрыйбаларын киргизген.

Акыл-эс категориясы тууралуу диалектикалык – материалисттик философияда кандайча каралгандыгы жана материалисттер бул категорияны кантип аныктаганы тууралуу А. Салиев мындайча жазат: "Материалисты же определяют его, разум, как производимое в человеческой голове правильное, адекватное умственное отражение существующих реальных явлений. В диалектико – материалистической философии дано последовательно научное объяснение его закономерностей, в ряду которых, в качестве важнейших, рассматриваются фундаментальная роль общественной практики в его жизни, факты выражения в нем объективных истин, а также его ориентирующая и

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

активизирующая людей функция” [5,8]. Материалисттер акыл-эс категориясын реалдуу кубулуштардын маңызынын адамзат башында туура жана адекваттуу түрдө чагылуусу, ошол чагылуудан улам келип чыккан кубулуш катары карашат. Окумуштуу белгилегендей, диалектика – материалисттик философияда бул категориянын закон – ченемдерине ырааттуу түрдө түшүндүрмө берилген. Мындай мыйзам ченемдердин эң негизгилери болуп, акыл-эстин динамикасындагы коомдук процесстин фундаменталдуу ролу, андагы объективдүү чындыктын туюнтулуш фактысы, о. э., акыл-эстин адамдарга багыт берүүчү жана активдештирүүчү функциясы саналат. Эпистемология тарыхында, анын ичинде немец классикалык эпистемологиялык философиясында “акыл-эс” (“разум”) менен “эс” (рассудок”) категориялары бири-бирине карама-каршы коюлуп келген. Мында “акыл-эс” кеңири категориялар менен иш алып баруучу жогорку баскычтагы ой жүгүртүү катары каралса, ал эми “эс” категориясы эмпирикалык чөйрөгө багытталган төмөнкү баскычтагы ой жүгүртүү катары каралып калган. Ушул жерде белгилей кетчү нерсе, “акыл-эс” жана “эс” ойломдун негизги структуралык компоненттери болуп саналса, ал эми ой жүгүртүүнүн өзү аң-сезимдин бир түзүмдүк элементи болуп саналат. Анализден белгилүү болуп чыга келгендей, аң-сезим категориясы жогоруда көрсөтүлгөн структуралык бөлүктөрүнөн башка дагы бир “ой жүгүртүү” деген элемент менен толукталды. “Акыл-эс” категориясын “эс” категориясына карама - каршы коюп, окуп - үйрөнүү тажрыйбасы жана Кант эмне үчүн өз эмгегин “Критика чистого разума” деп атоо себебин биз төмөнкү үзүндүдөн баамдайбыз: “Наиболее отчетливо это противопоставление было выражено в идеализме Канта и Гегеля. По учению Канта, продуктивное познание не выходила за пределы рассудка, на уровне которого предмет открывается нам якобы лишь в своих внешних проявлениях (становясь “веүью для нас”), но не раскрывается в своих конкретных сущностях (оставаясь “вещью в себе”), разум же представлялся только в виде операций, так называемыми априорными (создаваемыми будто до опыта и вне опыта) понятиями, которые служать лишь для упорядочения эмпирических знаний, но не продвигают их к общим закономерностям; от того Кант и его называл “чистым разумом”, а свой анализ этой его “ограниченности” – “критикой чистого разума” [5,12]. Канттын окуусуна ылайык, адамзаттын таанып билүүсү эстин деңгээлинен (чегинен) чыга алган эмес. Канттын оюнда предметтер эстин деңгээлинде өзүнүн сырткы көрүнүшү боюнча гана ачылып, “нерсе биз үчүн” (“вещи для нас”) болуп калат да, ал өзүнүн конкреттүүү маңызы боюнча ачылбай “нерсе өзүндө” (вещи в себе”) бойдон кала берет. Ал эми акыл-эс болсо, эмпирикалык билимдерди тартипке салуу үчүн гана кызмат кылган, бирок аларды жалпы мыйзам – ченемдүүлүктөргө карата жылдырбаган, априордуу ( тажрыйбага чейин же тажрыйбадан сырткары турган) деп аталган түшүнүктөрдөн турган операция түрүндө гана элестетилет. Ошол себептүү, Кант муну “таза акыл-эс” (“чистый разум”) деп атаган. Акыл-эстин ушундай чектелүүлүгүнөн улам, ал өз изилдөөсүн “Таза акыл-эсти сындоо” (“Критика чистого разума”) деп атаган.

Окумуштуу аң-сезимдин контексиндеги акыл-эстин орду жана ролу тууралуу мындайча жазат: “Наиболее общим фактом разума является то, что он относится к человеческому сознанию и представляет собой акты мыслей. Мысль же будучи, как и в целом сознание, субъективным отражением объективного мира составляет при этом особый, важнейший план: в ней дается характеристика реальному бытию явлений, открываются их формы и сушности. Она образует умственный (интеллектаульный и рациональный ) строй сознания в отличие от его двух других компонентов – воли, как его импульсного строя, и эмоции, как его тонового строя” [5,11]. Автордун оюна ылайык, акыл-эстин өтө жалпы фактору болуп, өзү менен бирге ойдун актыларын алып жүргөн, аң-сезимге эмне таандык болсо, ошонун баары эсептелет. Өз алдынча турган ой жана жалпы эле аң-сезим объективдүү дүйнөнүн субъективдүү чагылуусу катары, өзгөчө маанилүү планды түзөт: анда кубулуштардын реалдуу болмушунун мүнөздөмөлөрү берилип, алардын формасы жана маңызы ачылат. Ой ( мысль) аң-сезимдин башка эки

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

компонентинен, анын импульстук түзүмү болгон эрктен жана тондук (тонового) түзүмү эмоциядан айырмаланып, акыл-эстин акылдык (умственный, интеллектуальный, рациональный) тутумун түзөт. Бул ойго таянуу менен, биз " "аң –сезим" категориясы "ой", "эрк" жана "эмоция" деген структуралык компоненттерден турат" деген бир жыйынтыкка келсек, "ой" аң-сезимдик түзүмдүн элементи болгондуктан, ал да объективдүү дүйнөнүн чагылуусу болуп саналат" деген экинчи тыянакка келебиз. Ушул эле шилтемеге таянып, биз "ойдо кубулуштардын реалдуу дүйнөсүнүн болмушунун мүнөздөмөлөрү камтылат" жана "ал аң-сезимдин рационалдык тутумун (структурасын) түзүп турат" деген акыл корутунду чыгарсак да болот. Бирок, ой дайыма эле туура болуп, кубулуштардын маңызын так аныктай бербейт. Бул тууралуу А. Салиев мындайча жазат: "Но мысли не всегда оказываются верными по своему содержанию. Разумом же принято называть лишь такой их уровень, на котором они правильно определяют явления. А это бывает во всех тех случаях, когда они открывают предметы сообразно их сущностям, т. е. их коренным связям, отношениям, закономерностям" [5,11]. Белгиленгендей, ой өз мазмуну боюнча дайыма эле туура боло бербейт. Ал эми акыл-эс деп, биз ойду туура аныктаган ойдун жогорку деңгээлин айтабыз. Ушул пикирге таянып: "ой качан гана дүйнө предметтери менен кубулуштарынын имманенттик маңызын туура чагылдырууга жөндөмдүү болгондо гана, ал акыл-эске айланат" деген акыл корутундуну жасасак болот. Экинчи корутундубуз "маңыз" категориясына байланыштуу. Жогорку ойлорго таянуу менен: "маңыз деп, кубулуштун башка кубулуш менен болгон байланышын, мамилесин, мыйзам – ченемдүүлүктөрүн айтабыз"- деген аныктама бере алабыз. Жалпылап айтканда, "акыл-эс" категориясы өзү менен бирге "ой", "эрк", "эмоция", "маңыз", "чагылуу" деген өңдүү категорияларды алып жүрөт. Ушул жагдайдан алганда, биз аң-сезимге мындай аныктама берсек болот: "Аң-сезим – бул дүйнө кубулуштарынын жана предметтерин алардын маңызына ылайык аныктай алган, объективдүү түрдө жашап жаткан кубулуштардын маңызын аныктоодо эч нерсеге көз каранды болбогон, ойдун өнүккөн эң жогорку деңгээлинде ой формасында универсалдуу түрдө жашаган, кубулуштарды бизди курчап турган чексиз предметтердин ичинен адашпай так ажырата алган жана ошол кубулуштардын түрдүү масштабдагы мыйзам ченемдеринин ичинен аныктап ала алган адамзат жөндөмү.

Жыйынтыктап айтканда, А. Салиевдин эмгектеринде акыл-эс категориясынын феноменологиялык, психологиялык, гносеологиялык жана социологиялык аспектилери ар кандай факты-материалдардын, анын ичинде көркөм адабияттын жана искусствонун мисалдарында кеңири ачылып берилген.

Кыргыз философия тарыхында белгилүү философ – окумуштуу, эпистемология боюнча белгилүү адис, Ж. Б. Бокошовдун эмгектери өзгөчө орунда турат. Философ-окумуштуу Ж. Бокошовдун «Гносеологический анализ предпосылочного знания» аттуу философиялык эмгегинде «өбөлгөлүк билим» деген түшүнүктүн мазмунун кеңейтип, келечектеги изилдөөлөр үчүн проблемалуу суроолорду коюп, теориялык проблемаларды чечүүдө өзгөчө ыкма катары өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет жасаган. Эмгекте өбөлгөлүк билимдердин генезиси жана эволюциясы талданып, анын мазмунуна, маанилик структурасына, жашоо формасына, илимде аткарган функциясына илимий анализ жасалат. Автор белгилегендей, өбөлгөлүк билим проблемасы Л. А. Микешинанын, Б. В. Марковдун [4, 7-23], эмгектеринде өзгөчө проблема катары коюлуп талкууланса, ушул эле проблема толук эмес түрдө И. Т. Касавиндин, В. М. Метвинскийдин [1, 50-79], ж. б. эмгектеринде каралат. Окумуштуу бул авторлор «предпосылочное знание» деген туюнтманы гносеологиялык, методологиялык анализ жүргүзүүдө техникалык термин катары колдонулганын, ага категориалдык маани бергендигин белгилейт, бирок аталган эмгектерде ал туюнтманын мазмунун интерпретациялоо бири-бирине дал келбегендиги ачылып көрсөтүлөт. Эмгекте «өбөлгө» («основание»), «пайдубал» («основание»), «негиз» (основа) терминдеринин окшоштуктары жана айырмачылыктары талданат. Бул терминдер И. П. Меркуловдун, В. С. Степниндин, В. С. Швыревдун [3,45-53] эмгектеринде

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

талкууланган. Диссертацияда проблеманын изилдениш абалында, таанып билүүнүн өбөлгөлүүлүгү, белгилүү деңгээлде «башталма» катары, таанып билүү, ойлом, илим проблемаларынын контексинде, Ж. М. Абильдин тарабынан диалектикалык - логикалык планда кеңири окулуп - үйрөнүлгөндүгү, анын В. С. Библер тарабынан культурологиялык - логикалык планда изилденгендиги белгиленет. Диссертациялык иште ретроспективадагы философиялык - эпистемологиялык ойлордун контексинде таанып билүү проблемасынын теориялык маселеси катары таанып билүүчүлүк өбөлгөнүн маңызы аныкталат.

Окумуштуу улуу ойчулдар билим кандай болуш керек? деген теманын айланасында ой жүгүртүп, «пещера», «эйдос», «монода», «враждённые идеи», «божественный интеллект» деген өңдүү ар кандай философиялык абстракцияларды иштеп чыккандыгын белгилейт. Автор белгилегендей, алар философиялык туюнтмалар аркылуу таанып билүүчүлүк ишмердиктин жашыруун шарттарын, татаал структураларын туюнткан. Мындай абстрактуу түшүнүктөр Платондун, Аристотельдин, Декарттын, Лейбництин, Канттын, Гегельдин, Маркстын ж. б. эмгектеринде пайдаланылып, таанып билүү процессине өз таасирин тийгизген. Автордун оюна ылайык, «өбөлгөсүздүктүн идеалы» илимий билимдерди негиздөөдө, өтмүштөгү билимдерди тарыхый - илимий жактан реконструкциялоодо, теориялык - таанып-билүүчүлүк изилдөөлөрдө, «түшүнүү кризиси» учурунда, концептуалдык жаңылануудa, изилдөө доолборлорун калыптандырууда мазмунга ээ болот.

Эмгекте антикалык философиянын контексинде, Аристотель тарабынан иштелип чыккан «категория» проблемасы, антикалык ойчулдар тарабынан ачылган таанып билүү өбөлгөлөрүнүн онтологиялык (нерселик башат - первоначало вещей), гносеолого - методологиялык («эйдос», «эпистема», «докса»), аксиологиялык (асылдык, сонундук, жакшылык, сулуулук) өңдүү аспектилери рефлекстдүү түрдө анализден өткөрүлөт. Мында орто кылымдагы таанып билүүчүлүк өбөлгөлөр «кудайлык акыл - эс» жана «универсалийлер» тууралуу талаш - тартыш, талкуулардын контексинде каралгандыгы бөлүнүп көрсөтүлөт. Автор белгилегендей, ушул эле маселе Аль - Фараби, Ибн - Сина, Ибн - Рушд, Жусуп Баласагын өңдүү чыгыш ойчулдарынын эмгектеринде да ордун таап, кеңири философиялык талдоодон өткөн. Эмгекте табият таануу илимдеринин өнүгүшү жана илимий - таанып билүүнүн ролунун өсүшү менен метод проблемасы, жаңы европалык философиялык ойлордо терең иштелип чыгып, бул адамзаттык таанып билүүнүн өбөлгөлүүлүгүнүн мазмунуна карата теориялык жактан ой жүгүртүү үчүн жакшы шарт - өбөлгөлөрдү түзгөн. Автор белгилегендей, мында айрыкча картезандык «когито» принциби өзгөчө бөлүнүп турат. Декарттын «ойлоном, ошон үчүн жашайм» («мыслю, следовательно, существую») деген жобосу, ар кандай эле таанып билүүнүн акыркы шарты, түздөн - түз булагы болуп саналат. Диссертацияда таанып билүүнүн өбөлгө маселеси «врожденные идеи», «божественный интеллект» деген түшүнүктөрдүн жардамы менен талданат (Декарт, Спиноза, Кант). Автор өбөлгөнү атайын проблема катары изилдөө тарыхы Канттан башталарын белгилеп, бул проблема Канттын трансценталдык методунун жана априоризминин маңызы таанып билүүнүн өбөлгөлүк структурасындагы рефлекциядан көрүнөрүн белгилейт. Автор белгилегендей, таанып билүүчүлүк өбөлгө андан соң, К. Маркс менен Ф. Энгельстин диалектика - материалисттик философиясынын чегинде теориялык жактан андан ары өнүктүрүлгөн. Ишмердүүлүк, практика жана социалдык детерминизм принциптери, автордун оюнча билимдин генезисин жана эволюциясын Марксча түшүндүрүүдө, ойлом - интеллектуалдык феномендерди ачып көрсөтүүдө негизги таяныч болгон. Маркс тарабынан иштелип чыккан идеология жана фетишизм теориясы, «превращенных форм» концепциясы, өзүнүн маңызы боюнча келечектеги классикалык эмес, эпистемологиялык багыттар менен таанып билүүчүлүк өбөлгөлөргө карата болгон таптакыр жаңы ченем - өлчөмдөрдүн ачылышына өбөлгө түзгөн. Бул главада өзүнүн жетектөөчү тенденциялары боюнча классикалык эмес концепцияга ээ болгон, азыркы кездеги философиялык ойлор түздөн - түз өбөлгөлүк билим темасына багытталган, бир катар категорияларды,

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

түшүнүктөрдү изилдөө программаларын иштеп чыккан. Философиялык анализдин предметин «аң сезим», «тил», «илим» өңдүү классикалык эмес түшүнүү, белгилүү бир деңгээлде өбөлгөлүк мазмун, өзүнүн мүнөзү жана функциясы боюнча айырмаланган руханий - интеллектуалдык жаңы өлчөм - чендердин жаралышын шарттаган. Эмгекте таанып билүүчүлүк өбөлгөлөр, «өбөлгөлүк билим» деген түшүнүктүн жардамы менен идентификацияланып, аны гносеологиялык ой жүгүртүүнүн тутумуна киргизүү көрсөтүлүп, өбөлгөлүк билимдин негизги мүнөз өзгөчөлүктөрү ачылып берилет. Адабияттарда (И. Т. Касавина, Б. В. Марков, Л. А. Микешина ж. б. эмгектерин караңыз) «өбөлгөлүк билим деген түшүнүккө берилген аныктамалар тууралуу сөз козголуп, алардын ортосундагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр белгиленет. Окулуп - үйрөнүлүп жаткан проблеманын татаалдыгы жана жаңылыгына карабастан, автор аны жогорку илимий деңгээлде чечмелеп берет. Окумуштуу өз эмгегинде, бир учурда өбөлгөлүк билимдин баалуулук мүнөзүнө басым жасаса, экинчи учурда, анын таанып билүүнүн социалдык шарттары менен болгон байланышына басым коет. Өбөлгөлүк билим - окумуштуунун пикиринде, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн болуу мүмкүндүгү жана реализациялоо шарты болуп эсептелген билимдин функционалдык формасы. Болмушту түшүнүү жана кабылдоо таанып билүү перспективаларын жана чектерин аныктайт.

Автор алгач караганда таанып билүүнүн мазмундук өбөлгөсү болуп, окулуп - үйрөнүлүп жаткан түз же кыйыр түрдө тиешеси бар, бардык эле билимдер (түшүнүктөр, идеялар, көз караштар ж. б.) эсептелерин, бир мааниден алганда, мындай ой жүгүртүү туурадай көрүнөрүн, бирок аң сезимдүү түрдө колдонулуп жаткан билим - бул таанып билүүнүн «жандуу денеси», таанып билүү ишмердүүлүгүнүн «материясы» экендигин белгилейт. Автордун оюнча, таанып билүү мейкининде белгилүү бир схемалар, идеялар орун алып, жөнөкөй адамдар үчүн белгилүүдөй сезилсе да, окумуштуулар үчүн али жашыруун сырга, мааниге ээ болуп, ушундан улам илимий критерийлер калыптанат. Мындай критерийлер алгач изилдөөнү, далилди жана түшүндүрүүнү талап кылып, таанып билүү процессинде ачык эмес, али белгилүү боло элек, жашыруун, сырдуу кызмат аткарат. Автор белгилегендей, таанып билүү субьекти ал жаңы нерсенин кантип ачылгандыгын, кандайдыр бир жыйынтык - натыйжага кандайча келгендигин, кандай жол менен түшүнүү ачкычын тапканын, рефлексивдүү - рационалдык түрдө түшүндүрүп бере албайт. Ошондой болсо да, ой жүгүртүү, таанып билүүчүлүк ишмердиктин негизинде, обьективдүү түрдө ачык, так идеялар, ар түрдүү нормалар, эталондор, түшүндүрүү модели, ой жүгүртүүлөр жана аргументациялар жатканы белгилүү. Илимий эмгекте таанып билүүчүлүк өбөлгөлөрдүн жашоо формалары жана структуралык өзгөчөлүктөрү талкууланат. Мында өбөлгөлүк билимдин структуралык бүтүндүгү эки формада: концептуалдык чекит жана концептуалдык мейкиндик катары көрүнөрү белгиленет.

Окумуштуу өз эмгегинде, бир учурда өбөлгөлүк билимдин баалуулук мүнөзүнө басым жасаса, экинчи учурда, анын таанып билүүнүн социалдык шарттары менен болгон байланышына басым коет. Өбөлгөлүк билим - окумуштуунун пикиринде, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн болуу мүмкүндүгү жана реализациялоо шарты болуп эсептелген билимдин функционалдык формасы. Болмушту түшүнүү жана кабылдоо таанып билүү перспективаларын жана чектерин аныктайт.

Ж. Бокошов алгач караганда таанып билүүнүн мазмундук өбөлгөсү болуп, окулуп - үйрөнүлүп жаткан түз же кыйыр түрдө тиешеси бар, бардык эле билимдер (түшүнүктөр, идеялар, көз караштар ж. б.) эсептелерин, бир мааниден алганда, мындай ой жүгүртүү туурадай көрүнөрүн, бирок аң сезимдүү түрдө колдонулуп жаткан билим - бул таанып билүүнүн «жандуу денеси», таанып билүү ишмердүүлүгүнүн «материясы» экендигин белгилейт. Автордун оюнча, таанып билүү мейкининде белгилүү бир схемалар, идеялар орун алып, жөнөкөй адамдар үчүн белгилүүдөй сезилсе да, окумуштуулар үчүн али

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жашыруун сырга, мааниге ээ болуп, ушундан улам илимий критерийлер калыптана. Мындай критерийлер алгач изилдөөнү, далилди жана түшүндүрүүнү талап кылып, таанып билүү процессинде ачык эмес, али белгилүү боло элек, жашыруун, сырдуу кызмат аткарат. Автор белгилегендей, таанып билүү субьекти ал жаңы нерсенин кантип ачылгандыгын, кандайдыр бир жыйынтык - натыйжага кандайча келгендигин, кандай жол менен түшүнүү ачкычын тапканын, рефлексивдүү - рационалдык түрдө түшүндүрүп бере албайт. Ошондой болсо да, ой жүгүртүү, таанып билүүчүлүк ишмердиктин негизинде, обьективдүү түрдө ачык, так идеялар, ар түрдүү нормалар, эталондор, түшүндүрүү модели, ой жүгүртүүлөр жана аргументациялар жатканы белгилүү. Илимий эмгекте таанып билүүчүлүк өбөлгөлөрдүн жашоо формалары жана структуралык өзгөчөлүктөрү талкууланат. Мында өбөлгөлүк билимдин структуралык бүтүндүгү эки формада: концептуалдык чекит жана концептуалдык мейкиндик катары көрүнөрү белгиленет. Автордун оюна ылайык, өбөлгөлүк билим – бул «таянар тоо» («точка зрения») таанып билүү субъекти ага таянса, реалдуулукту түшүнүү жана кабыл алуусу үчүн жаңы перспективалары, ойлордун жана түшүнүүнүн жаңы горизонттору ачылат. Изилдөөдө маданият дүйнөнү түшүнүү ыкмасы, жалпы фону эле эмес, ал баарынан мурда түшүнүү мүмкүндүгү экендиги белгиленет. Эмгекте рационалдуулуктун ар кандай: илимий рационалдуулук, моралдык, мифологиялык, көркөм ж. б. түрлөрү, алардын онтологиялык мүнөзү талданат. Окумуштуунун эмгегинде таанып билүүчүлүк өбөлгөлөрдүн пайда болуусу, калыптануусу жана өнүгүшү изилдөө бутасына алынып, алардын таанып билүү процессиндеги жана жаңы билимдердин жаралышындагы орду, аткарган кызматы талданат. Автор тарабынан өбөлгөлүк билимдин калыптанышы таанып билүү мейкининдеги спецификалык процесс жана абал катары каралат. Ошону менен катар эле, таанып билүүнүн ишмердик механизми жана онтологиялык чен - өлчөмү талданып, таанып билүү прогресси, трансформация, өбөлгөлүк структураны өзгөртүү жана өнүктүрүү менен байланыштуу экендиги белгиленет. Иликтөөнүн аягында таанып билүүчүлүк өбөлгөлөрдү түшүнүү жана аңдоо, өзгөчө методологиялык проблема катары каралат. Мында реконструкциянын шарттары, ыкмалары, принциптери талданат. Автордун оюна ылайык, өбөлгөлүк билимди реконструкциялоо - бул концептуалдык реконструкциянын өзгөчө формасы жана ал метабилим (билим тууралуу билим), рефлекция менен байланыштуу. Метабилим таанып билүүнүн онтологиялык элементи катары, анын «табигый» жүзөгө ашуусунун шарты болуп саналат. Автор белгилегендей, таанып билүүнүн табигый агымы, кандайдыр бир себептин натыйжасында бузулганда же анын жолунда тоскоолдук пайда болгондо, «таанып билүү кризиси» пайда болуп, бул учурда рефлексивдик механизм ишке кирип, таанып билүүнүн өзү критикалык анализдин предметине айланат. Жыйынтыктап айтканда автор өбөлгөлүк билим түшүнүгүнө толук кандуу анализ жүргүзүп, аталган түшүнүктүн пайда болуу тарыхына, бул түшүнүктүн таанып билүүдөгү маанисине кеңири токтолуп, анын жаңы билимдердин жаралуусундагы орду жана ролуна терең анализ жасалган баалуу эмгектердин бири экени талашсыз.

**Адабияттар тизмеси**


1. Касавин И. Т. Познание в мире традиций [Текст] / И.Т. Касавин. – М.: 1982.
2. Литвинский В. М. Природа философского знания. Теоретико - исторический анализ методов исследования предпосылочного знания [Текст]: Автореферат дисс… канд. филос. Наук / В.М.Литвинский. – Л.: 1981.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

3. Меркулов И. П. Развитие теоретической науки: роль скрытых предпосылок [Текст]/ И.П.Меркулов // Вопросы философии. - М.: 1987.

4. Микешина Л. А. Мировоззренческие формы знания и их роль в научно -познавательной деятельности [Текст] / Л.А.Микешина // Ценностные детерминации в научном познании. – Вологда. 1984.

5. Микешина Л.А. Имплицитные компоненты в структуре научного познания [Текст] / Л.А.Микешина // Философские науки. - 1987. № 7.- - С. 25 – 77.

6. Микешина Л.А. Ценностные предпосылки в структуре научного познания [Текст] / Л.А.Микешина. – М.: 1990.

7. Марков Б. В. Проблемы обоснования и проверяемости теоретического знания [Текст] / Б.В.Марков. – Л.: 1990.

8. Салиев А. Разум и время. Избранные произведения [Текст] / А.Салиев. – Ф.: “Кыргызстан”, 1986.-440с.

9. Салиев А. Что такое мысль [Текст] А.Салиев. – Ф.: Кыргызстан, 1971. -232 с.

10. Салиев А. Мышления как система [Текст] А.Салиев. - Ф.: Кыргызстан, 1974. – 247с.

11. Салиев А. Умственная жизнь и мышления в образах [Текст] А.Салиев. - Ф.: Кыргызстан, 1981.

12. Салиев А. Человеческая психология и искусство [Текст] А.Салиев. - Ф.: Кыргызстан, 1980. – 308 с.

13. Салиев А. Человек входит в мир [Текст] А.Салиев. - Ф.: Кыргызстан, 1983. -272 с.

14. Степин В. С. Идеалы и нормы научного поиска [Текст] / В.С.Степнин // Идеалы и нормы научного исследования. – Минск, 1981.

15. Степин В.С. Специфика научного познания и социокультурные предпосылки его генезиса [Текст] / В.С.Степнин // Наука и культура. – М.: 1984.

16. Швырев В. С. Научное познание как действительность [Текст] / В.С.Швырев. – М.: 1984.